Чыңгыз Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повести аркылуу окуучулардын жана студенттердин руханий дүйнөсүн байытууга жана элдик баалуулуктарды калыптандыруу максатында класстан тышкаркы иштерде пайдалануу маанилүү. Себеби бул чыгармадагы Мылгун, Эмрайн сыяктуу каармандардын укум-тукумду улаш үчүн Кирискке айткан насааттары, мергенчиликтин ыкмаларын үйрөтүшү, табияттын ар кандай кырдаалдарында адамдык сапатты жоготпоо керектиги жаштардын адеп-ахлактык тарбиясын өнүктүрүүгө, улуттук аң-сезимди тереңдетүүгө, табиятка болгон мамилени туура калыптандырууга жардам берет [4; 58-бет].

Повестти класстан тышкаркы иштердин ар кандай формасында уюштурууга болот, мисалы чыгарманын мазмуунун сахналаштыруу менен адабий кечелерди уюштурса каармандардын образын терең түшүнүшөт. Ошондой эле экологиялык талкуу, дебат же тегерек стол уюштурулса суунун мааниси, табиятка туура мамиле кылуу, жылдыз аркылуу жол табуунун маанилери жөнүндө да терең түшүнүк ала алышат. Класстан тышкаркы иштер аркылуу окуучуларда жана студенттерде өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт. Бул алардын сынчыл ойлосун калыптандырат.

Класстан тышкаркы иштерде повестти ар кандай ыкмалар менен пайдалануга болот. Мисалы, адабий кечелерди уюштуруу аркылуу окуучулар чыгарманын мазмунун сахналаштырып, каармандардын образдарын терең түшүнүшөт. Ошондой эле талкуу, дебат же «ачык микрофон» форматындагы иш-чаралар аркылуу окуучулар өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт. Бул алардын сүйлөө маданиятын жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Мындан тышкары,окуучуларды жана студенттерди табият менен байланышкан экскурсияларга алып чыгуу жана байкоо жүргүзүү иштеринде да пайлануга болот. Мындай иштер жаштарда экологиялык маданияттулукту калыптандырууга чоң обөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, бул повестти класстан тышкаркы иштерде колдонуу менен студенттерге жана окуучуларга тарбиялык, билим берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк жактан чоң таасир этет. Ал улуттук баалуулуктарды сактоодо жана жаш муунду тарбиялоодо маанилүү курал болуп кызмат кылат.

Адабияттар:

1. Айтматов, Ч.Т. В соавторстве с землею и водою…– Фрунзе: «Кыргызстан», 1979.
2. Сыздыкбаев, Н.А. Специфика притчевого строения повести Ч. Айтматова «Пегий пес, бегущий краем моря» и романа А. Кима «Отец-лес» // вестник .– Алматы: 2018.
3. Чыңгыз Айтматов. Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт. – Бишкек: Кыргызстан, 1982.
4. Чыңгыз Айтматов. Чыгармалар жыйнагы. 1–3-том. – Бишкек: Адабият, 2008.

УДК 154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.590**

КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНДА ЭМГЕК ТАРБИЯСЫ ЖАНА ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «БИРИНЧИ МУГАЛИМ» ЧЫГАРМАСЫНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевна - Ош мамлекеттик педагогикалык университети. Эл почта: orozaliva87@ maiI.ru

ТРУДОВОЕ ВОСПИТАНИЕ В КЫРГЫЗСКОЙ НАРОДНОЙ СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ И ЕГО ОТСЫЛКИ В РОМАНЕ ЧИГИЗА АЙТМАТОВА «ПЕРВЫЙ УЧИТЕЛЬ».

Орозалиева Таттуугул Коңурбаевна - старший преподаватель Ошский государственный педагогический университет orozaliva87@ maiI.ru

LABOR EDUCATION IN KYRGYZ FOLK PEDAGOGY AND ITS DEPICTION IN CHINGIZ AITMATOV'S "THE FIRST TEACHER".

Orozalieva Tattuugul Konurbaevna - Senior teacher
Osh State Pedagogical university
orozaliva87@ maiI.ru

Аннотация

Бул макалада кыргыз элдик педагогикасында эмгек тарбиясынын орду жана мааниси, ошондой эле Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасында анын чагылдырылышы талданат. Кыргыз элинин салттуу тарбия системасында эмгек инсанды калыптандыруунун негизги булагы катары каралып, балдарды жаштайынан эмгекке аралаштыруу аркылуу жоопкерчиликке, өз алдынчалыкка жана кызматташтыкка үйрөтүү максаты көздөлгөн. Макалада элдик педагогиканын негизги принциптери — эмгекти сыйлоо, практикалык иш-аракет аркылуу үйрөнүү, оюн менен окутуу жана баалуулуктарды калыптандыруу маселелери каралат. Ошондой эле чыгармадагы Дүйшөндүн педагогикалык ыкмалары жана Алтынайдын образы аркылуу эмгек тарбиясынын практикалык мисалдары көрсөтүлөт. Дүйшөндүн жеке үлгү көрсөтүүсү, жамааттык эмгекти уюштуруусу жана билим менен эмгекти айкалыштыруусу балдарды тарбиялоодогу эффективдүү ыкма катары бааланат. Ал эми Алтынайдын образы билимге умтулуу, эмгекчилдик жана эрктүүлүк сапаттарын даңазалайт. Жыйынтыгында, эмгек тарбиясы кыргыз педагогикасында инсанды ар тараптуу өнүктүрүүнүн негизги фактору экендиги белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *эмгек тарбиясы, кыргыз элдик педагогикасы, тарбия ыкмалары, улуттук баалуулуктар, өз алдынчалык, жамааттык эмгек*

Аннотация

В данной статье рассматривается роль трудового воспитания в кыргызской народной педагогике, а также его отражение в произведении Чингиз Айтматова «Первый учитель». Подчеркивается, что в традиционной системе воспитания кыргызского народа труд является основой формирования личности. С раннего возраста дети приобщаются к различным видам деятельности, что способствует развитию ответственности, самостоятельности и навыков сотрудничества. В статье анализируются основные принципы народной педагогики: уважение к труду, обучение через практическую деятельность, игровая форма обучения и формирование нравственных ценностей. Особое внимание уделяется образу Дуйшена, который демонстрирует эффективные педагогические методы через личный пример, организацию коллективного труда и сочетание обучения с практической деятельностью. Образ Алтынай рассматривается как символ стремления к знаниям, трудолюбия и силы воли. Делается вывод о том, что трудовое воспитание является важнейшим фактором всестороннего развития личности в кыргызской педагогике.

Ключевые слова: *трудовое воспитание, кыргызская народная педагогика, методы воспитания, национальные ценности, самостоятельность, коллективный труд.*

Abstract

This article examines the role of labor education in Kyrgyz folk pedagogy and its representation in Chingiz Aitmatov’s work “The First Teacher.” It highlights that in the traditional Kyrgyz educational system, labor is considered a fundamental element in personality development. From anearly age, children are engaged in various forms of practical activities, which foster responsibility, independence, and cooperation. The article analyzes key principles of folk pedagogy, including respect for labor, learning through practice, play-based education, and the formation of moral values. Particular attention is given to the character of Duyshen, whose teaching methods—such as leading by example, organizing collective work, and integrating labor with education—serve as effective pedagogical models. The character of Altynai is presented as a symbol of perseverance, dedication to learning, and personal growth through effort. The study concludes that labor education plays a crucial role in the holistic development

of individuals within Kyrgyz pedagogy and remains highly relevant in modern educational contexts.

Keywords: *labor education, Kyrgyz folk pedagogy, Chingiz Aitmatov, The First Teacher, Duyshen, Altynai, teaching methods, national values, independence, collective work*

Кыргыз элинин салттуу тарбиялоо маданиятында жаш муунду кичинекей кезинен баштап ишмердүүлүккө багыттоо эң негизги артыкчылык катары каралат. Мындай педагогикалык ыкма — окутуу процессинин ажырагыс жана өзөктүү бөлүгү болуп саналат. Балдар балалык чагынан эле айыл чарбасынын татаал эмес түрлөрүн, кол өнөрчүлүктүн ар кыл сырларын, маселен, килем токуунун технологиясын, жыгач бетине оюу түшүрүүнү жана улуттук кийимдерди бычып-тигүүнү өздөштүрүп чоңоюшат. Бул тажрыйба аларга үй-бүлөлүк тиричиликте жана коомдук турмушта өз ордун табууга, жигердүү аралашууга кеңири жол ачат. Өсүп келе жаткан муун үй-бүлөдөгү улуулардын же тажрыйбасы мол усталардын көзөмөлү астында дыйканчылыктын ыкмаларын үйрөнүп, төрт түлүк малга кам көрүүгө машыгышат. Бул процесс балдарга жөн гана техникалык көндүмдөрдү бербестен, төмөнкүдөй моралдык-этикалык сапаттарды калыптандырат. Жоопкерчилик сезими, кызматташтык, салтты кастарлоо. Мында ишти так аткарууну, башкалар менен биргелешип иштөө жана бири-бирине көмөктөшүү, ата-бабадан калган маданий мурастарды жана улуттук өзгөчөлүктөрдү сактап, кийинки муунга жеткирүү жоопкерчилиги да ишке ашат.

Элдик педагогиканын концепциясында «эмгек» түшүнүгү инсанды тарбиялоонун пайдубалы катары каралат. Ал эстетикалык табитти өстүрүү, дене бойду чыңдоо жана адеп-ахлактык бийиктикке жетүү менен тыгыз өз ара байланышта өнүгөт. Бул тууралуу элдик акылмандыкта «Эмгексиз ырахат жок», «Байлыктын атасы — эмгек» деген сыяктуу таамай айтылган учкул сөздөр эмгектин адам турмушундагы эбегейсиз ордун далилдеп турат. Чыныгы эмгекчил адам — бул ар кандай жумуштун ички сырын тез өздөштүрүп, ишти сапаттуу бүтүрө алган, ар бир тапшырманы «майын чыгара» аткарып, аны логикалык аягына чейин жеткирген инсан. Мындай адамдар татаал кырдаалдарда да туура чечим кабыл алып, кандай гана иш болбосун аны ийгиликтүү алып кетүү жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат.
[2; 180-б.].

Кыргыз этнопедагогикасы кылымдар бою жаштарды жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга, табиятты аяп, аны менен гармонияда жашоого үндөгөн идеяларды иштеп чыгып, практикада натыйжалуу колдонуп келген. Балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелер жана коом өзгөчө маани берген бир катар педагогикалык шарттар бар. Атап айтканда, кыргыз педагогикасы эмгек аркылуу баланын өз алдынчалыгын жана чыгармачылык потенциалын ачууга умтулат. Бала берилген көрсөтмөнү гана аткарбастан:

1. Маселелердин жаңыча чечүү жолдорун издөөгө;
2. Алтыган билимин иш жүзүндө колдонууга;
3. Жаңы жана пайдалуу нерселерди жаратууга багытталат.

Ошондой эле, окутуунун оюн жана практикалык иш-аракеттер менен айкалышы баланын билимге болгон кызыгуусун арттырып, анын таланттарын эрте аныктоого көмөктөшөт. Бул ыкма келечектеги кесиптик ийгиликтерге жана коомдун толук кандуу мүчөсү болууга бекем негиз түзөт.

Бул баалуулуктардын эң жаркын жана таасирдүү мисалы катары заңгыраган жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестин алсак болот. Чыгармадагы башкы каарман Дүйшөндүн окуучуларына кылган мамилеси жана анын жан аябас аракети чыныгы эмгекчилдиктин символу болуп саналат. Дүйшөн мектепти курууда балдарга курулай насаат айтпастан, өзү кирпич куюп, эң оор жумуштарды мойнуна алып, өз үлгүсү менен эмгектин кадырын көрсөтөт. Анын мындай аң-сезимдүү мамилеси бүгүнкү күндө да жаш муундар үчүн баа жеткис таалим-тарбия булагы болуп кызмат кылат. Чыңгыз Айтматовдун “Биринчи мугалим” повести аркылуу балдарды эмгекке тарбиялоодо башкы каарман Дүйшөндүн жан аябас аракети жана анын окуучулардын эмгекке болгон мамилеси

чоң үлгү болот. Ал балдарды жөн эле иштегиле4дебестен, өзү кирпич куюп, оор жумуштарды аткарып, эмгектин натыйжасын көрсөтөт. [5; 226-б.].

Ал эми жамааттык эмгекке келе турган болсок, балдар мектептин айланасын тазалоого, отун жыйноого катышышат. Бул алардын арасында биримдикти жана жалпы ишке жоопкерчиликти калыптандырат.

Эмгекти билим менен айкалыштырууда окуучулар (мисалы, Алтынай) билим алуу үчүн эмгек кылуу керектигин түшүнүшөт. Алар мектепти жылытуу үчүн өз ыктыяры менен тезек терип келишет, бул — максаттуу эмгектин мисалы.

Чыгармада кыйынчылыктарды жеңүү менен Дүйшөн балдарды суук күндөрү суу кечирип өткөрүп, мектепке жеткирет. Бул окуя балдарга максатка жетүү үчүн сөзсүз акыл эмгегинен качпоону үйрөтөт.

Мектепке жана китепке аяр мамиле жасоо повестте эмгек аркылуу жаралган мектепке, окуу куралдарына болгон сый-урмат тарбияланат.

Жыйынтыктап айтканда, Дүйшөндүн образы — бул "акыл эмгеги менен күч эмгегин айкалыштырган" эмгекчилдиктин символу.

Чыңгыз Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестиндеги Дүйшөндүн педагогикалык ыкмалары жана Алтынайдын образы аркылуу кыздарды тарбиялоо — бул нагыз эрктүүлүктүн жана билимге болгон умтулуунун мектеби деп билсек болот.

Дүйшөн балдарга "иштегиле" деп буйрук бербейт, өзү биринчи болуп ылай кечип, кирпич куюп, эски ат сарайды мектепке айландырат. Бул — эмгекке тарбиялоонун эң таасирдүү жолу.

14Дүйшөн балдарды кыйынчылыктан качпоого, тескерисинче, аны жеңүүгө жана чыдамкай болууга үйрөтөт. [3; 114-б.].

Чыгармадагы Алтынайдын образын ачып берүү менен кыздарды тарбиялоодо чоң резонанс жарата алган.

Алтынай — чечкиндүүлүктүн жана билим аркылуу эркиндикке жетүүнүн символу. Анын образы заманбап кыздар үчүн төмөнкүдөй тарбиялык мааниге ээ:

Билим алууга болгон умтулуу менен Алтынай жетимдиктин, турмуштун оордугуна карабай, билим алуу үчүн бардык күчүн жумшайт. Бул — акыл эмгегине болгон сүйүү.

Ал эми эскичил көз караштарга каршы туруу менен ал кездеги кыздарды "мал катары" көргөн түшүнүктөргө каршы чыгып, өз тагдырын өзү чечүүгө умтулат. Бул кыздарды өз укугун коргоого жана максатына бекем болууга тарбиялайт.

Арадан бир топ мезгил өтүп, Алтынай академик болсо да, өзүнүн алгачкы мугалимин, анын жасаган эмгегин эч качан унутпайт. Бул — адамдык бийик сапаттарды жана эмгекти баалай билүүгө үйрөтөт.

Жогоруда көрөтүлгөндөй Алтынайдын тезек терип келип мектепти жылытканы — бул анын окуу үчүн ар кандай кара жумуштан башын бура тартпай эмгектенгендигинин далили катары белгилесек болот. Жыйынтыктап айтканда, Дүйшөн — багыт берүүчү күч болсо, Алтынай — ошол өзүн-өзү таптаган, аракеттенген инсандын үлгүсү. [6; 124-б.].

Кыргыз элдик педагогикасынын түпкү философиясына көз чаптырсак, адамдын адам болуп калыптанышында эмгектин ролу баа жеткис экенин көрөбүз. Заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасындагы Дүйшөн менен Алтынайдын тагдыры бул акыйкаттын эң жаркын далили. Дүйшөн жаңы доорго жол көрсөткөн жарык жылдыз болсо, Алтынай ошол багытты туура таанып, талбаган эмгеги жана эрки менен өз тагдырын өзү курган инсандыктын үлгүсү. Бул эки образ билим менен эмгектин ажырагыс биримдигин, бири-бирин толуктап турган улуу күч экенин айгинелейт. Кыргыз топурагында бала тарбиялоо салты эзелтеден эле практикалык иш-аракеттерге, турмуштук тажрыйбага сугарылып келген. Бала эс тарткандан баштап эле өзүн үй-бүлөнүн, жамааттын бир мүчөсү катары сезип, күнүмдүк турмуштун түйшүгүнө аралаша баштайт. Бул процессте наристенин алгачкы кадамдары үй тиричилигине көмөктөшүү, жан-жаныбарларга кам көрүү жана улуулардын айткан насааттарын иш жүзүндө аткаруу менен башталат. Мына ушундай кичинекей сезилген иштердин артында чоң

жоопкерчилик, тартип жана коомго пайда келтирүү сезими жатат. Кылымдар бою ата-бабаларыбыз дыйканчылыктын сырларын, кол өнөрчүлүктүн татаал ыкмаларын муундан муунга мурас катары калтырып келишкен. Балдар эгин эккенди, мал бакканды гана үйрөнбөстөн, жыгачтан түйүн чечкен устачылыкты, саймадагы сырдуу дүйнөнү, токуучулук менен кийим тигүүнүн асыл касиеттерин өздөштүрүшкөн. Бул жерде эмгек жөн гана физикалык күч эмес, ал эстетикалык табитти калыптандыруучу жана маданий мурасты сактоочу улуу мектепке айланган. Ошол эле учурда, балалыктын табиятына төп келген оюн элементтери аркылуу эмгек процесси кызыктуу экспериментке айланып, баланы өз алдынча чечим кабыл алууга жана инновациялык ой жүгүртүүгө шыктандырган. Эмгек аркылуу тарбиялоонун эң негизги жемиши — бул баалуулуктардын калыптанышы. Биргелешип иштөө, "ашар" салты сыяктуу жамааттык иштер жаш муунду бири-бирине жардам берүүгө, ынтымакка жана улуулардын эмгегин сыйлоого үйрөтөт. Бул жерде ар бир жасалган жумуш баланын мүнөзүн чыңдап, аны сабырдуулукка, туруктуулукка жана ак ниеттүүлүккө тарбиялайт. Адам эмгектин натыйжасында гана өзүнүн коомдогу ордун таап, өзүн-өзү сыйлоону жана башкалардын ишин баалоону үйрөнөт. Бүгүнкү заманбап дүйнөнүн чакырыктары эмгек тарбиясына жаңыча көз карашты талап кылууда. Глобалдашуу доорунда балдарды ар кыл кесиптерге даярдоо, аларды эмгек рыногунда ийкемдүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү инсан катары калыптандыруу маанилүү милдетке айланды. Бирок, технологиялар канчалык өзгөрбөсүн, эмгекке болгон аң-сезимдүү мамиле жана жоопкерчилик сезими өзгөрүүсүз калышы шарт. Салттуу кыргыз педагогикасы теориялык билимди турмуштук тажрыйба менен айкалыштыруу аркылуу гана толук кандуу инсанды тарбиялоого болорун баса белгилейт. Жыйынтыктап айтканда, эмгек — бул баланы келечекке даярдаган эң ишенимдүү устат. Элибиздин тарыхый асыл мурастарын, эмгекчилдик салттарын жана акыл-насааттарын бүгүнкү күндүн талабына ылайык пайдалануу — ар бир ата-эненин жана мугалимдин ыйык парзы. Биз жаш муунга талыкпаган эмгек гана ийгиликтин жана бакубат жашоонун ачкычы экенин жеткиришибиз керек. Ошондо гана биздин балдарыбыз өз тагдырына ээлик кылган, коомго пайдалуу жана руханий дүйнөсү бай жарандардан болуп өсүшөт.

Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов Ч. Т. Саманчынын жолу: Повесттер. — Бишкек: «Кыргызстан», 1982. (же «Биринчи мугалим» камтылган башка томдору).
2. Алымбеков Б. Кыргыз элдик педагогикасы. — Бишкек, 2003.
3. Анаркулов Б. Кыргыз элдик оюндары жана тарбия. — Фрунзе, 1981.
4. Асипова Н. А. Кыргыз элдик педагогикасынын негиздери. — Бишкек, 2013.
5. Байгазиев С. Айтматовдун педагогикасы жана азыркы мектеп. — Бишкек, 2008А. А. Исаева (түзүүчү), "Тарбиячыларга кеп-кеңештер: Усулдук колдонмо" (2015)
6. М. Рахимова, "Балдарды1 эмгекте адептүүлүккө тарбиялоо" (1978)
7. Б. Апыш, "Тарбия теориясы" (2000-жыл)
8. Б. Т. Бейшенбаева, "Үй-бүлөдө баланы эмгекке тарбиялоо салты" (2016)
9. Л. В. Куцакова, 11"Трудовое воспитание в детском саду: программа и методические рекомендации" (200513 , 2008)
10. Н. В. Лабутина, Н. П. Гусева, "Трудовое воспитание 11 дошкольников" (2016)
11. В. А. Сухомлинский, "Моя мама пахнет хлебом"